# КЕНЖЕ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН МААЛЫМАТТЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ ШАРТТАРЫ

**КУРАМАЕВА Т.А., ЧОЛАК СУЛЕЙМАН**

*Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети,*
*К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети*
**УДК 371.1**

***Аннотация.*** *Бул статьяда кенже класстын окуучуларынын маалыматтык компетенттүүлүгүн эффективдүү калыптандыруу процесси, маалыматтык компетенттүүлүктү предметтерде калыптандыруунун негиздери, компоненттери жана критерийлери каралган.*

***Аннотация.*** *В статье рассматривается процесс эффективного формирования информационной компетентности младших школьников, основы формирование информационной компетентности по предметам, компоненты и критерии формирование информационной компетентности.*

***Abstract****. The article deal with process of effective forming informational competence for the primary school. The foundation organiring informational competence on subjects are components and criterions of forming information of competences.*

***Урунтуу сөздөр:*** *мамлекеттик стандарт, маалыматтык компеттенттүүлүк, компетенция, компоненттер жана критерийлер, маалыматтык компеттенттүүлүктү калыптандыруу.*

***Ключевые слова:*** *государственный стандарт, информационной компетентности, компетенция, компоненты и критерии, формирование информационной компетентности.*

***Key words:*** *national standard, information competence, competence, components and criterions, forming information of competence.*

Азыркы учурда маалыматтын болуп көрбөгөндөй тез ылдамдыкта көбөйүп, күн сайын өсүп жатышы, адам баласынын мындай кырдаалга туура келген, заманбап билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуусун талап кылып милдеттендирет.

Маалымат адамды тез өзгөрүп турган маалыматтык коомго, жашоого жана ишмердүүлүккө, дүйнөдө жаңы маалыматтардын пайда болуу процессинин тездигине, жаңы профессияларга суроо-талаптардын күчөшүнө карата, квалификацияны үзгүлтүксүз жогорулатып турууга даярдоого тийиш.

Адам баласы ийгиликтүү болуш үчүн, жогорку деңгээлдеги маалыматтык компетенттүүлүккө ээ болуш керек.

А.В.Хуторскойдун [7] айтуусу боюнча: реалдуу объектердин (телевизор, магнитофон, телефон, факс, компьютер, принтер, модем, ксерокс) жана маалыматтык технологиялардын ( аудио-видеожазуу, электрондук почта, ММК, Интернет) жардамы менен өз алдынча издөө, анализдөө, жана керектүү маалыматты тандоо, уюштуруу, өзгөртүп түзүү, сактоо жана аны жөнөтүү көндүмдөрү маалыматтык компетенттүүлүк деп аталат. Ошондуктан, мектеп окуучуларынын маалыматтык сабаттуулугун өстүрүү,

алардын өз алдынча окуу ишмердүүлүктөрүн өстүрүүнүн негизин түзө тургандыгы бекеринен эмес жана булар билим берүүдөгү бирден-бир актуалдуу маселе.

Маалыматтык сабаттуулук, маалыматтык компетенттүүлүктү калыптандыруунун баштапкы деңгээли болуп саналат. Ал теориялык билимдин, ошондой эле практикада колдонуу көндүмдөрүн, маалыматты эффективдүү табуунун, баалоонун аны ар түрдүү ишмердүүлүктө жана мамиледе жемиштүү колдонуунун чогуусун жана ошондой эле маалыматтык компетенттүүлүктү калыптандыруудагы компьютердик сабаттуулукту дагы өзүнө камтыган өзгөчө бир этап катары эсептелет.

Окумуштуулар маалыматтык сабаттуулукту маалыматтын керектигин тастыктаган, маалыматты сураштырууну, издөөнү, тандап алууну, баалоону жана интерпретациялоону калыптандыруучу билгичтик деп аныкташат[2].

И.П.Хиленконун [6] аныктамасы боюнча «Кенже класстын окуучуларынын маалыматтык компетенттүүлүгү деп, маалыматты өз алдынча издөөнү, анализдөөнү, тандоону, иштетүүнү билүү жөндөмдүүлүгүн, оозэки жана жазуу түрүндө коммуникациялык, маалыматтык технологиялардын жардамы менен керектүү маалыматты бере алуусун түшүнөбүз». Башкача сөз менен айтканда, маалыматтык компетенттүүлүк – бул ар кандай түрдөгү маалыматты табуу, сактоо жана колдонуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон инсандын касиети.

Маалыматтык компетенттүүлүк түшүнүгү маалыматтык – коммуникациялык технологиялардын дүркүрөп тез өнүгүүсүнөн жана анын коомдун бардык ишмердүүлүк аспектерине терең сүңгүп кирүүсүнүн натыйжасында пайда болду. Бул түшүнүктүн пайда болушу 2000-жж. башталышына туура келет. Маалыматтык компетенттүүлүк боюнча алгачкы изилдөөлөрдүн натыйжаларынын биринчилери Калифорния мамлекеттик университетиндеги маалыматтык сабаттуулук кафедрасынын 2001 – жыл үчүн жасалган «Маалыматтык компетенттүүлүк Калифорния штатындагы университетте» деп аталган отчетунда баяндалып көрсөтүлгөн. Анда маалыматтык компетенттүүлүк, китепкананын ресурстары менен иштөө компетенттүүлүгү – ар кандай кабарларды, билдирүүлөрдү, маалыматтарды иштетүү жана издөө менен байланышкан компетенттүүлүк катары сунушталган. Изилдөөчүлөр маалыматтык компетенттүүлүк түшүнүгүнүн көп аспектүүлүгүн аныкташып, аны технологиялык революция, электрондук маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын пайда болушу жана жайылтылышы, маалыматтык коомдун феномени менен байланыштырышат.

Учурда Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында бир топ өзгөртүүлөр киргизилип, билим берүүнүн жаңы мамлекеттик стандартына ылайык компетенттүүлүк мамиленин фундаменти түзүлүп кызмат кыла баштады [4].

Компетенттүүлүк мамиле, Кыргыз Республикасында билим берүүнүн Улуттук рамкалык куррикулумунун жана Мамлекеттик стандарттын негизинде белгиленип, башталгыч мектептин окуучуларына түйүндүү компетенттүүлүктү калыптандыруунун үч түрү: маалыматтык; социалдык-коммуникациялык; өзүн-өзү уюштуруу жана проблемаларды чечүү каралган [5]. Ал эми, маалыматтык компетенттүүлүктү калыптандыруунун негизги аспектилери деп төмөнкүлөр келтирилген:

1) милдетке ылайык келген булактарды издөө;
2) маалыматты алуу жана алгачкы жолу иштетүү;
3) маалыматты иштетүү жана анын негизинде чечим кабыл алуу;
4) маалыматты сунуштоо

Билим берүү системасында окутуп үйрөтүүнүн акырында натыйжалуулукка багытталган окутуу, окуучулардын бир нече компетенттүүлүгүн калыптандыруу болуп эсептелет. Компетенттүүлүк ар түрдүү ишмердүүлүктөрдө (билим берүүчүлүк, социалдык), окутуучу мекемелердин окуу процесстеринде жана андан тышкары дагы калыптануусу мүмкүн. Компетенттүүлүк компетенциялардын комплекси катары каралат, анын курамына предметтик, ишмердик, коммуникативдик, өнүктүрүүчү ж.б. компетенциялар кирет. Компетенция - натыйжалуу жана продуктивдүү ишмердик үчүн зарыл болгон окуучунун билим берүү даярдыгына алдын ала берилген социалдык талап (норма). Компетенция - (лат.competence - бирге жетишемин, ылайыкмын) - кандайдыр бир органдын же кызмат адамдарынын закондо, жоболордо белгиленген милдеттеринин жыйындысы.

Ошол себептүү мектептердеги олуттуу маселенин бири, жалпы эле окуучулардын анын ичинде кенже класстын окуучуларынын маалыматтык компетенттүүлүгүн калыптандыруу болуп саналат деп белгиленет Улуттук рамкалык куррикулумда. Ошол эле куррикулумда түйүндүү компетенцияны калыптандыруунун тандоо принциптери, тизмеси

жана деңгээлдери аныкталып маалыматтык компетенттүүлүктүн аспектери жана деңгээлдери берилген.

Кенже класстын окуучуларынын маалыматтык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун негизин билим берүү циклинин бардык предметтеринде ишке ашырууга мүмкүн [6] . Мисалы, **тил** сабактарында маалыматтарды ар түрдүү жолдор менен б.а. тамга, пиктография, иероглиф, сүрөт түрүндө берүү аркылуу калыптандырууга болот. Мында, балдар маалыматтын мүмкүн болгон булактары жана аны издөө ыкмалары: сөздүктөр, энциклопедиялар, компьютердик энциклопедиялар менен таанышып, өздөрүнүн билимдерин кеңейтишет жана кошумча маалымат булактарынын жардамы менен тил билүү компетенттүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатышат.

**Адабият**, **окуу** сабактарында мультимедия-кабарлар (тексттерден, иллюстрациялардан, аудио-видео фрагменттерден, ссылкалардан турган ) менен иш жүргүзүлүп, мультимедия-кабарлардын тил өзгөчөлүгү, түзүлүшү жана мазмуну анализденип, анын иллюстрацияланган текст катары ээлеген орду жана ролу аныкталат.

Окуучулар анча чоң эмес билдирүүлөрдү – тексттерди (айтып берүү, пикир, аннотация) конструкциялап, аларга иллюстрацияларды, видео-жана аудио фрагменттерди кошуп толукташат; маалыматтын аныктыгына, тактыгына жараша өздөрүнүн билдирүүлөрүнө баа беришет; ар кандай окууда жана жашоо-тиричилик шарттарында баарлашууну жүргүзүү көндүмдөрүнө жана коммуникациянын компьютердик ыкмаларына ээ болушуп, сөз сүйлөө этикетинин эрежелерин сактоого үйрөнүшөт; окулган көркөм тексттерге иллюстрация сыяктуу жасалган маалыматтык объектерди ( алар: сүрөттөр, фотографиялар, видеосюжеттер, мультипликациялар, өздүк үн коштоосу менен жасалган компьютердик анимациялар болушу мүмкүн) түзүшөт; компьютердеги иллюстрацияларга жана тезистерге таянып, чоңдордун жардамы менен презентацияларды даярдашат; көркөм адабияттардын материалдарынан жана көз салынып, текшерилип турулуучу Интернеттен проектик ишмердүүлүк үчүн маалыматтарды тандап алышат.

**Чет тили** сабагында кенже класстын окуучулары компьютерде терилген же кол менен жазылган анча чоң эмес текстерди (оозэки же жазуу түрүндө), түзүшөт жана билдирүүлөрдүн (маалыматтардын) пландарын жана тезистерин даярдашат. Окуучулардын чет тилиндеги өздүк сүйлөө речи өзүн-өзү корректировка кылуу үчүн цифралык формада жазылып коюлат, ал эми оозэки сүйлөөсү аудио жана видеонун колдоосу менен өткөрүлөт. Балдар кээ бир сөздөрдү экрандан которгонду жана

компьютердик сөздүктү колдонгонду үйрөнүшөт.

**Математика** сабагында ылайыктуу билимдерди берүү методдору окуу маселелерин чыгаруу жана бул билимдерди күнүмдүк турмуштагы ар кандай ситуацияларга колдонуунун баштапкы тажрыйбаларын уюштуруу үчүн колдонулат. Окуучулар тексттер, таблицалар, диаграммалар жана анча татаал эмес графтар менен иштөө учурунда өз ойлорун сунуш кылышат, анализ жүргүзүшөт жана берилиштерди интерпретациялашат, алынган маалыматты жалпылашат, салыштырышат, түшүндүрүшөт, керектүү берилиштерди чыгарышат, даяр формаларды кагазда же компьютерде толтурушат; окуу үчүн негиздүүлөрүн тандашып, алардын чогуусун бөлүп алышат; себептүү-натыйжалуу жана убактылуу байланыштарды көрсөтүшөт; ырастоолордун аныктыгын анализдешип, пикир алышуу чынжырын түзүшөт; компьютердик интерактивдүү чөйрөдө, жөнөкөй геометриялык объектер менен иштеп, аларды курушат, өзгөртүшөт, ченешет жана салыштырышат.

**Мекен таануу** сабагында окуучулар, айлана чөйрөдөгү табияттын түзүлүшү, кбулуштары тууралуу жана өзү тууралуу маалыматты, маалыматтык – коммуникациялык технологиялардын (МКТ) инструменттерин (фото – жана видеокамералар, микрофон, цифралык датчиктер, цифралык микроскоп, графикалык планшет ж.б.) колдонуп үйрөнүшүп билишет; анча татаал эмес байкоолорду пландаштырып, ишке ашырышат, сандык берилиштерди чогултушат, МКТнын инструменттеринин жардамы менен тажрыйбаларды жүргүзүшөт; окуу жана өз алдынча таанып билүү маселелерин чечүү

үчүн, кошумча маалыматтарды Интернеттен жана башка маалымат булактарынан издөө менен алектенишет; маалыматтык объектерди (моделдерди, макеттерди, билдирүүлөрдү, өткөрүлгөн изилдөөлөр тууралуу отчетторду, графикалык иштерди) түзүшөт.

Мындан тышкары, кенже класстын окуучуларынын маалыматтык компетенттүүлүгүн ар түрдүү типтеги (экскурсия сабагы, саякатка чыгуу сабагы, презентация сабагы) сабактар жана сабактан тышкаркы ишмердүүлүктөр (иштиктүү – оюн, чыгармачыл усулкана) аркылуу дагы калыптандыруу мүмкүн.

Ошондой эле, «Маалыматтык маданиятты калыптандыруунун негиздери», «Компьютердик сабаттулуктун негиздери», «Проектик ишмердүүлүк» ж.б.у.с. кружокторду, курстарды же студияларды уюштуруу окуучулардын өз алдынча таанып билүүсү, өзүн – өзү реализациялоосу, өзүн - өзү көрсөтө билүүсү үчүн, чыгармачыл проектик ишмердүүлүк аркылуу кошумча шарт түзөт. Окуучулардын конкурстарга, олимпиадаларга активдүү катышуусу алардын маалыматтык компетенттүүлүгүнүн жогорку деңгээлде экендигин көрсөтөт.

Кенже класстын окуучуларынын маалыматтык компетенттүүлүгүн эффективдүү калыптандыруу процесси төмөндөгүдөй педагогикалык шарттардын комплекси менен камсыздалат: окуу процессин маалыматташтыруу, катышуучулардын ортосундагы гумандуу мамилени орнотуу, окуу - таанып билүү ишмердүүлүгүнүн өздүк өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу, субъект - субъектик өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу, дифференциалдык мамилени өркүндөтүү [1].

Маалыматтык компетенттүүлүктү калыптандырууну жайылтуу процесси, системалаштыруу, бүтүндүк, жеткиликтүүлүк, ачык-айкындуулук, көрсөтмөлүүлүк, өздүк ишмердүүлүк, инсандык максаттулук, проблемалык, метапредметтик принциптердин негизинде ишке ашат. Ал маалыматтык компетенттүүлүктүн төмөндөгүдөй функцияларында чагылдырылат:

- таанып-билүүчүлүк - билимдерди системалаштырууга багытталган таануу, билүү, өз алдынча таанып-билүү;

- коммуникативдүүлүк - маалыматтарды жиберүү жана кабыл алуу процессиндеги партнерлордун ачык – айкын баарлашуусу;

- адаптацияланган - баланын маалыматтык коомдо, жашоо-турмуш шарттарына жана ишмердүүлүккө адаптация алып көнүгүүсү;

- нормативдик - маалыматтык коомдо моралдык нормалардын жана талаптардын системасы;

- акырында, баалоочулук - ар түрдүү маалыматтардын агымына багытталган жөндөмдүүлүктү активдештирүү, анын маанилүү жана өтө маанилүү эмес жактарын, практикалык маселелерди чечүү үчүн, жеткиликтүү, аныкталган маалымат булактарын баалоо.

Маалыматтык компеттенттүүлүктү калыптандыруу процесси, маалыматтык маданияттуулуктун ажырагыс бөлүгү катары, бири-бири менен байланышкан төмөндөгүдөй компоненттердин чогуусунан турат:

- мотивациялык компонент - инсандын маалыматтык ишмердүүлүккө болгон мотивациясына багытталат;

- когнитивдик компонент - маалымат тууралуу билимдердин системасы, маалыматтык ишмердүүлүк жана маалымат булактарындай сунушталат;

- баалоочулук компонент - инсандын маалыматтык ишмердүүлүккө багытталган баалоочулугу;

- ишмердүүлүк компонент - маалыматтык технологияларды колдонуудагы жалпы маалыматтык билимдер жана көндүмдөр системасы, билимдерди колдонуу тажрыйбасы, ошондой эле ишмердүүлүктү жайылтууда технологиялык мамиленин маанисин түшүнүү; маалыматтарды издөө, иштетүү жана сактоо боюнча маалыматтык технологиялардын каражаттарынын өзгөчөлүгүн билүү; маалыматтар менен иштөөдөгү технологиялык көндүмдөр;

- рефлексттик – баалоочулук компонент – бул өзүнө маалыматтык ишмердүүлүктү канааттандырган өзүн-өзү текшерүүнү билүүнү камтыйт, маалымат менен иш алып баруудагы натыйжалардын рефлексиясы, маалыматтарды жөнөтүүдөгү өз ара аракеттер, алынган маалыматтарды коррекциялоо, маалыматтык ишмердүүлүктү сынчыл анализдөө жана таануу, өздүк окуу аракеттерин рефлекстөө, окуу маселелерин маалыматтарды издөө, колдонуу жана баалоо боюнча чечүүдө альтернативдик жолдорун тандоо.

Маалыматтык компетенттүүлүктү башталгыч мектепте калыптандыруу бир кыйла ийгиликтерди алып келет анткени, билим берүүнүн кийинки этаптарында өнүктүрүлүп, толукталат. Бала окуп үйрөнүүнү системалык түрдө баштап, алгачкы жолу маалыматтын бир канчалаган агымы менен кездешип, аны натыйжалуу иштетүү үчүн аракеттенет. Эгерде ал мурда сүрөттү жөнөкөй эле тарткан болсо, эми маалыматтын маанисин чагылдыра тургандай кылып сүрөттөйт; мурда жөн эле окуса, эми окуунун сапатына коюлган талаптарга ылайык окуйт ж.б.у.с. Булардын баары баланын маалымат менен иштөө жөндөмдүүлүгүнө ээ болуу зарылчылыгына алып келет, демек, бул маалыматтык компетенттүүлүк экендиги шексиз.

Башталгыч билим берүүнүн бүтүрүүчүлөрүнүн маалыматтык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун критерийлери анын компоненттеринин калыптанышына жараша аныкталат [3]. Буларга,

- мотивациялык критерийи: МКТ менен иштөөгө даярдыгы, маалымат менен иштөөгө кызыгуусу жана бул иштин керектүүлүгүн ойлонуу, маалыматтык процесстердин маанисин түшүнүү;

- когнитивдик критерийи: МКТ боюнча базалык билиминин бардыгы жана уюштуруу ишмердүүлүгүндө аларды колдоно билүү жөндөмдүүлүгү; маалымат менен иштөө методдорун билүүсү жана билими; маалыматтык таанып-билүү жөндөмдүүлүгү: издөө, тандоо, структуралаштыруу, системалык анализ жана маалыматты сактоо; ар кандай булактардан керектүү маалыматты табуу;

- баалуулук критерийи: маалымат менен иштөөнүн баалуулугун сезе билүү, субъектик позициянын калыптангандыгы, билимди өздөштүрүүсүнүн өздүк жетишкендиктерге багытталуусу; маалыматтык ишмердүүлүккө байланышкан баалуулуктарды жана мамилени өзүнө камтуу;

-ишмердүүлүк критерийи: маалыматты өз алдынча изилдөөчүлүк ишмердүүлүккө издөөнүн универсалдуу технолгиясын колдонуп, иштетүү, сунуштоо, башкаруу жана сактоо; маалыматтык ишмердүүлүктүн эффективдүүлүгүн жана натыйжалуулугун демонстрациялоо; сандык маалыматтарды электрондук таблицалардын жардамы менен иштеп даярдоо жана графиктерди, диаграммаларды тургузуу;

- рефлексивдик – баалоочулук критерийи: жумушту аткаруунун бардык этаптарында рефлексияны жана өздүк рефлексияны аткаруу; билимди күндө текшерүүнү жана өзүн өзү текшерүүнү ишке ашыруу, чыгармачыл – текшерүү иштерин уюштуруу.

Жогоруда каралган окутуу процессинде кенже класстын окуучуларынын маалыматтык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун натыйжалуулугу, сабак берген мугалимдин системалык түрдө талыкпай чыгармачылык менен заманбап технологияларды колдонуп окуучулар менен бирдикте иштешине жараша болоору баарыбызга маалым. В.А. Сухомлинский айтып кеткендей, чыныгы сабакка педагог бүт өмүрү боюнча даярданат.

Ошентип, кенже класстын окуучуларынын маалыматтык компетенттүүлүгүнүн калыптанышы жана өнүгүшү мектепти аяктагандан кийин дагы улантылат. Бирок, мектепте маалыматтык компетенттүүлүктү калыптандыруу маселесинин пландуу түрдө ишке ашырылышын максаттуу деп эсептөөгө болот.

**Адабияттар:**

1. Баранников, А. В. Содержание общего образования: компетентностный подход. [Текст] / А. В. Баранников — М.: ГВШЭ, 2002.

2. Бейшеналиева, У.Ү. Мультимедиа технологияларынын негизинде студенттердин маалыматтык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары: [Текст] / У.Ү.Бейшеналиева // Дис.канд. пед. наук. Бишкек, 2014.-158б.
3. Булин-Соколова, Е. И., Рудченко, Т. А., Семенов, А. Л., Хохлова, Е. Н. Формирование ИКТ-компетентности младших школьников. Пособие для учителей общеобразоват. учреждений. Серия «Работаем по новым стандартам», М.: Просвещение, 2011
4. Государственный образовательный стандарт среднего общего образования КР. Утвержден постановлением Правительства КР (от 21 июля 2014 года № 403) – Бишкек, 2014.-21б.
5. Рамочный Национальный Куррикулум среднего общего образования КР. – Б., 2010. – 66 с
6. Хиленко, Т. П. «Педагогические условия формирования информационной компетентности младших школьников». Статья в журнале «Плюс до и после Начальная школа». – 2013. – № 3. – С. 87–91.
7. Хуторской, А.В. Ключевые компетенции как компонент личностно-ориентированной парадигмы [Текст] / А.В.Хуторской // Народное образование.- 2003.–№2 . − С. 58-64.